# Аскар АКАЕВ: Кыргызстандын тарых



Кыргыз жеринин ар бир булуңу тарых табышмагын таңгаларлыктай өз койнуна жашырып жатат. Анын айдың-мейкини үстүнөн көөнөрбөс изин калтырып, кылымдардын кербени узап кеткен. Байыркы замандарда чет жердик баскынчылардын ордолору биздин жерибизди оң-туурасынан тебелеп өтүшкөн. Анан ушул эле жерди, ага укумдан-тукумга уланган кандаштык тамыр аркылуу байланып, андан өмүргө дем берген жашоо кубатын көрүп, кадырлап сүйгөндөр ар качандан бир качан тер төгө иштетишкен да, көз карегиндей аздектеп келишкен. Ушул аймак аркылуу Улуу Жибек жолунун эң бир кыймачийме бутагынын өткөнү да Ала-Тоо жеринин жанга жагымдуу керемет күчү, көөнө доорлордон бери анда жашаган кишилердин ынтымак түптөгөн, мейmандос-мээримдүү мүнөзүн ырастап турат.

Алыскы замандарды изилдешкен тарыхчылар адатта эки салаага бөлүнүшөт. Алардын бири байыркы кылымдардын мурасын өткөн маданияттардын материалдык эстеликтери боюнча изилдесе, экинчиси - жазма булактар боюнча изилдөө жүргүзөт. Биринчи топтогулар өздөрүнүн эмгектеринде жүздөгөн жана миңдеген жылдарга гана эмес, а ондогон жана жүздөгөн кылымдын түпкүрүнө уланып кеткен тарыхый табышмактардын сырын ачуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Азыркы Homo Sapiens, тарыхчылардын пикири боюнча, мындан 40 миң жылга жакын убакыт мурда жаралган экен. Ошол мезгилге таандык адам жашаган турактар дүйнө жүзүнөн арбын табылды. Франциядагы Кро-Маньон үңкүрүнүн аталышынан улам, азыркы типтеги жерден казылып алынган адамдарды кроманьондуктар деп аташкан.

Ал эми ага дейре, тарыхый изилдөөлөргө таянсак, неандерталдардын - азыркы адамдын бабаларынын доорун мүнөздөгөн мезгил тилкеси орун алган. Аны «таш кылым» деп аташкан. Фергана ойдуңунун тескей тоо кыркасындагы Сох дарыясынын өрөөнүнөн Сел-Үңкүр аттуу үңкүр-конуштун табылышы кийинки мезгилдин эң көрүнүктүү археологиялык ачылышы болуп калды. Бул конуш-турактын тарыхы, археологдордун ою боюнча, 126 миң жылга барабар. Анын ордунан архантроп - адам-

со, экинчиси - Фергана өрөөнүндөгү дарыялардын жайыгы жана анын оазистериндеги отурукташкан дыйканчылыкка байланышкан.

Мындай учкай тарыхый экскурсту мен, окурманды кыргыздардын улуттук аң-сезиминин алгачкы өнүмдөрү көктөп, алардын биримдиктешүүгө жана өз алдынча мамлекет курууга болгон каалоо-тилеги артыла баштаган доор турмушуна алып баруу максатында жасадым. Бир нече миңдеген жылдарга уланган «ак чач» кылымдардын тереңине саякат кээде аз гана барактарга сыйып калганы таң калтырбай койбойт. Мында, мен жогоруда жазып кеткендей, «тарыхый абберациянын» өзгөчөлүктөрү таасын болуп баамга урунат.

Биздин тоолорубуз кайталангыс көркөм. Тоо көлдөрүбүз менен берметтердин бермети болгон Ысык-Көлүбүз өздөрүнүн уникалдуу көк-жашыл түсү жагынан адам акылын айран калтырат. Шар аккан күчтүү дарыялар менен шаркыратмалардын сыйкырдуу улуу касиети сөз жүзүндө айтып жеткиргис.

Ошондой болсо да, республиканын түштүгүнө, кут конгон Фергана өрөөнүнө барган сайын, мен жүрөк толкуткан сонун көрүнүштөргө туш келе берем. Андагы кереметтүү жерди бир укумуна чейин мээрим төгө иштеткен дыйкандардын эмгекчилдигине башымды ийе, таазим этем. Керилген берекелүү талаалар, жүзүмзар тилкеси, жашылча айдалган плантациялар, жемишин көтөрө албай ийилген толукшуган бак-шак көргөн көздү кубантат. Анан береке-байлыгы мол мына ушул түштүк жеринин үстүндө байыркы кылымдардын руху алда кандайдыр күч менен жашап жатканы байкалат.

Республикабыздын түштүгүнүн тарыхы менен мен президенттик жылдарымда гана чындап тереңдеп таанышууга мүмкүнчүлүк алдым. 1990-жылы болуп өткөн Ош окуясын эске түшүрүүнү каалабас элем. Бул менин жүрөгүмдө да, миллиондогон мекендештеримдин жүрөгүндө да жашап калган азаптуу кайгы. Жашообуздун жарык маанайлуу эскерүүлөрүнө кайрылып, сезди улантмакчымын. Түштүк элинин турмушу менен жакындан таанышып жатып, мен алар республиканын мамлекеттик көз каранды эместигинин жарыяланганына байланыштуу 1991-жылдан тарта башталган жаңыча

цияларга катышкан, биздин өлкөбүз жана анын бай тарыхы жөнүндө бир катар кызыктуу китептерди жазган. Россиянын уулу Ю.Заднепровский кыргыздарды жан-жүрөгүнөн сүйдү. Республикабыз анын өз үйү, өлөң төшөгүнө айланды. Ал 1999-жылы, Оштун 3000 жылдыгын майрамдоого бир жыл гана жетпей каза болду. Эгер тирүү болгонунда, мындай салтанатты өзү Фергананын жана Оштун тарыхына кошкон залкар салымынын таанылышы катары кабыл албайт беле. Ю.Заднепровский жөнүндө эстелик биздин элибизде ар

Жүрөк сүйүнткөн кубанычтар чегинен ашып жатты. Мен мындай чегинүүнү

мердиги менен байланышкан. XIII-XIV кылымдардагы Чыңгызхан урпактары-

кылымда - түрктөр келишти. Ошондон тартып, Кыргызстандын түштүгү Ала-Тоо койнунда бирде жаралып, бирде жок болуп келген түрдүү мамлекеттик бирикмелердин курамына кошулуп жашады. Түштүктүн абалы өзгөчө болуп, анда түштүк жагынан Иран менен араб дүйнөсүнүн таасири, ошондой эле батыш тарабында жаралган басып алуучулук умтулуулардын толкуну кыргыз жеринин Түндүк аймагына салыштырганда көбүрөөк сезилип жатты.

Фергананын тарыхынын орчундуу бөлүгү Чыңгызхан менен Темирдин жортуулдары жана алардын укум-тукумунун иш-

